КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК
АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ
КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

11-январь 2023-ж № 20 Бишкек ш.

**Педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 19-ноябрындагы №22 жана 2022-жылдын 6-июлундагы № 10 буйруктарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2022-жылдын 29-декабрындагы № 584 токтомунун (№10э/к-4/3 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңештин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы (авторефераты боюнча); 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Исамидинов Искендер Чонмурунович дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. Кыргызстан эл аралык университетинин филология жана коммуникация кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор Наркозиев Аманбек Карашович 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы (авторефераты боюнча); 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**